| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**2024-жылдын 6-марты** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын II сессиясынын**

**№ 1 ТОКТОМУ**

**"Боо-Терек" айыл өкмөтүнүн мекемеси менен "Оро" айыл өкмөтүнүн мекемесинин кошулуусу жөнүндө**

"Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгын жана "Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү Кеңештердин иши жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы №24 Жарлыгы менен бекитилген убактылуу Жобону жетекчиликке алып, ошондой эле "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген Жобону жана ошондой эле "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 токтомун ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 92-беренесин жана "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамын жетекчиликке алып Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын II сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын, Талас облусунун, Бакай-Ата районунун, Боо-Терек айыл өкмөтүнүн мекемеси менен Кыргыз Республикасынын, Талас облусунун, Бакай-Ата районунун Оро айыл өкмөтүнүн мекемесинин бириктирүү жолу менен Кыргыз Республикасынын, Талас облусунун, Бакай-Ата районунун, «Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтү» болуп кайра түзүлүүгө уруксат берилсин.

2. Мекемелердин мүлкүн инвентаризациялоо жана өткөрүп берүү актысына кол коюу жагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн мекемесинин башчысы Буланбеков Уланбек Эсенбековичке жана Оро айыл өкмөтүнүн мекемесинин башчысы Айтпаев Джийдебек Бейшеновичке жүктөлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышы боюнча көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Күмүштак айылдык кеңешинин төрагасы** **Мамыралиев А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**
**КҮМҮШТАК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУМУШТАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**2024-жылдын 6-марты** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын II сессиясынын**

**№_2_ ТОКТОМУ**

**"Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтү" мекемесинин айыл өкмөтүн түзүү жөнүндө**

"Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгын жана "Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү Кеңештердин иши жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы №24 Жарлыгы менен бекитилген убактылуу Жобону жетекчиликке алып, ошондой эле Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген Жобону жана ошондой эле "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 токтомун ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 92-беренесин жана "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамын жетекчиликке алып Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын II сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын, Талас облусунун, Бакай-Ата районунун, Боо-Терек айыл аймагынын "Боо-Терек айыл өкмөтү" мекемеси жана Талас облусунун, Бакай-Ата районунун, Оро айыл аймагынын "Оро айыл өкмөтү" мекемесин бириктирүү жолу менен Кыргыз Республикасынын, Талас облусунун, Бакай-Ата районунун, **"Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтү" мекемеси** болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук расмий (фирмалык) аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: **"Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтү"** мекемеси.
- Расмий тилде: Учреждение **"Айыл окмот Кумуштакского айылного аймака"**.

**Кыскартылган расмий (фирмалык) аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: **"Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтү"** м-е.
- Расмий тилде: У-е **"Айыл окмот Кумуштакского айылного аймака"**.

2. Кыргыз Республикасынын, Талас облусунун, Бакай-Ата районунун, Боо-Терек айыл аймагынын "Боо-Терек айыл өкмөтү" мекемеси жана Талас облусунун, Бакай-Ата районунун, Оро Айыл аймагынын "Оро айыл өкмөтү" мекемесин бириктирүү жолу менен жаңыдан кайра түзүлгөн **"Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтү"** мекемесине өткөрүп берүү актысы бекитилсин (тиркеме тиркелет).

3. «Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемесинин Жобосу бекитилсин (Жобосу тиркелет).

4. «Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Талас облусу, Бакай-Ата району, Боо-Терек айылы, Ч.Сатаев көчөсү №143-үйү болуп аныкталсын.

5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарынын мамлекеттик каттоосунан өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Күмүштак айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **А.Т. Мамыралиев**

**БЕКИТИЛДИ**
**Күмүштак айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин**
**2024-жылдын 06-марттагы №2**
**токтому менен**

**Өткөрүп берүү актысы**

**Боо-Терек айылы** **06-март 2024-ж.**

Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 21-февралындагы № Б-13/66 буйругу менен түзүлүп бекитилген төмөндөгү комиссия курамы:

С.Мамбетов – Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын биринчи орун басары, комиссиянын төрагасы;

А.Сыдыков – Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси, комиссиянын төрагасынын орун басары;

Б.Калыбаев – Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын жетектөөчү адиси, комиссиянын катчысы;

Г.Саманчиева – Бакай-Ата финансы башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;

К.Бердалиев – Бакай-Ата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;

Ш.Өзүбеков – Бакай-Ата райондук мамлекеттик архив бөлүмүнүн башчысы, комиссиянын мүчөсү;

Б.Жолдошбеков – МСК Бакай-Ата району боюнча башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;

Н.Султанов – Бакай-Ата райондук статистика бөлүмүнүн башчысы, комиссиянын мүчөсү;

Н.Исмаилова – Бакай-Ата райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;

У.Э.Буланбеков – Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы;

З.М.Надырбаев – Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы болуп, төмөндөгүдөй Өткөрүп берүү актысын түздүк.

Талас облусунун Бакай-Ата районунун Боо-Терек айылдык аймагынын "Боо-Терек" айыл өкмөтү мекемеси менен Талас облусунун Бакай-Ата районунун Оро айылдык аймагынын "Оро айыл өкмөтү" мекемеси бириктирүү жолу менен кайра түзүлгөн "Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтү" мекемесине мекемелердин бардык кредиторлору менен карызкорлоруна карата бардык милдеттенмелери боюнча укуктардын, анын ичинде тараптар талашып жаткан милдеттенмелер боюнча укуктардын баары өтөт жана укук улантуучу болуп эсептелинсин, атап айтканда:

Мекеме төмөнкү документтерди тиркемеге ылайык укугу өтүүчүгө өткөрүп берет:

1.1. Мекеменин уюштуруу документтерин.

1.2. Мекеменин балансындагы мүлккө болгон укуктарын ырастоочу документтер.

1.3. Мекеменин ички документтери жана отчетторун.

1.4. Бухгалтердик документтерин жана отчетторун (бухгалтердик баланстар, кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчеттор, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган финансылык отчетко тиркемелер, финансылык отчеттун аныктыгын ырастаган аудитордук отчеттор, түшүндүрмө каттар).

1.5. Архивге туруктуу сактоого өткөрүлүп берилген мекеменин иш кагаздарынын инвентаризациясы.

1.6. Сактоо мөөнөтү өтүп кеткен мекемелик документтерди жок кылууга берүү жөнүндө актылар.

Ушул өткөрүп берүү актысына ылайык, Мекеменин бардык укуктары жана милдеттери Укугу өтүүчүгө өтөт.

Мекемелер өткөрүп берет, ал эми Укугу өтүүчү бардык карызкорлорго, кредиторлорго, ошондой эле Мекемелерге өз милдеттенмелерин мөөнөтүнөн мурда аткаргандыгы же тиешелүү милдеттенмелери токтотулгандыгы жөнүндө билдирбеген бардык кредиторлорго карата бардык укуктарды жана милдеттерди өзүнө алат.

Бул өткөрүп берүү актысына Мекемеден көчүрмөлөрдү ырааттуу өткөрүп берүүнүн натыйжасында ыйгарылуучу тарап тарабынан ырааттуу түрдө кол коюлат жана бирдей юридикалык күчкө ээ үч нускада түзүлөт.

**Тиркеме:** _________ баракта.

С.Мамбетов –комиссиянын төрагасы; ____________

А.Сыдыков –төрагасынын орун басары; ____________

Б.Калыбаев –комиссиянын катчысы; ____________

Г.Саманчиева – комиссиянын мүчөсү; ____________

К.Бердалиев – комиссиянын мүчөсү; ____________

Ш.Өзүбеков – комиссиянын мүчөсү; ____________

Б.Жолдошбеков - комиссиянын мүчөсү; ____________

Н.Султанов – комиссиянын мүчөсү; ____________

Н.Исмаилова – комиссиянын мүчөсү; ____________

| | |
|---|---|
| **Өткөрүп берди:** | **Өткөрүп алды:** |
| " Боо-Терек" айылдык | "Күмүштак айыл |
| аймагынын Боо-Терек айыл өкмөтү | аймагынын айыл өкмөтү" |
| мекемесинин башчысы | мекемесинин башчысы |
| ____________ У.Э.Буланбеков | ____________ З.М.Надырбаев |

**БЕКИТИЛДИ**
**“Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2024-жылдын 06-марттагы №2 токтому менен**

**Өткөрүп берүү актысы**

**Кыргызстан айылы** **“____” ________ 2024-ж.**

Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 21-февралындагы № Б-13/66 буйругу менен түзүлүп бекитилген төмөндөгү комиссия курамы:

С.Мамбетов – Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын биринчи орун басары, комиссиянын төрагасы;
А.Сыдыков – Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси, комиссиянын төрагасынын орун басары;
Б.Калыбаев – Бакай-Ата райондук мамлекеттик админстрациясынын жетектөөчү адиси, комиссиянын катчысы;
Г.Саманчиева – Бакай-Ата финансы башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;
К.Бердалиев – Бакай-Ата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;
Ш.Өзүбеков – Бакай-Ата райондук мамлекеттик архив бөлүмүнүн башчысы комиссиянын мүчөсү;
Б.Жолдошбеков – МСК Бакай-Ата району боюнча башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;
Н.Султанов – Бакай-Ата райондук статистика бөлүмүнүн башчысы, комиссиянын мүчөсү;
Н.Исмаилова – Бакай-Ата райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;
Ж.Айтпаев – Оро айыл өкмөтүнүн башчысы;
З.М.Надырбаев – Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы болуп;

төмөндөгүдөй Өткөрүп берүү актысын түздүк.

Талас облусунун Бакай-Ата районунун Оро айылдык аймагынын “Оро” айыл өкмөтү” мекемеси менен Талас облусунун Бакай-Ата районунун Боо-Терек айылдык аймагынын “Боо-Терек айыл өкмөтү” мекемеси бириктирүү жолу менен кайра түзүлгөн “Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесине мекемелердин бардык кредиторлору менен карызкорлоруна карата бардык милдеттенмелери боюнча уктардын, анын ичинде тараптар талашып жаткан милдеттенмелер боюнча укуктардын баары өтөт жана укук улантуучусу болуп эсептелинсин, атап айтканда:

Мекеме төмөнкү документтерди тиркемеге ылайык укугу өтүүчүгө өткөрүп берет:

1.1. Мекеменин уюштуруу документтерин.
1.2. Мекеменин балансындагы мүлккө болгон укуктарын ырастоочу документтер.
1.3. Мекеменин ички документтери жана отчетторун.
1.4. Бухгалтердик документтерин жана отчетторун (бухгалтердик баланстар, кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчеттор, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган финансылык отчетко тиркемелер, финансылык отчеттун аныктыгын ырастаган аудитордук отчеттор, түшүндүрмө каттар).
1.5. Архивге туруктуу сактоого өткөрүлүп берилген мекеменин иш кагаздарынын инвентаризациясы.
1.6. Сактоо мөөнөтү өтүп кеткен мекемелик документтерди жок кылууга берүү жөнүндө актылар.

Ушул өткөрүп берүү актысына ылайык, Мекеменин бардык укуктары жана милдеттери Укук улантуучуга өтөт.

Мекемелер өткөрүп берет, ал эми Укук улантуучу бардык карызкорлорго, кредиторлорго, ошондой эле Мекемелерге өз милдеттенмелеринин мөөнөтүнөн мурда [illegible] же [illegible] милдеттенмелери токтотулгандыгы жөнүндө билдирбеген бардык кредиторлорго карата бардык укуктарды жана милдеттерди өзүнө алат.

Бул өткөрүп берүү актысына Мекемелер көчүрмөлөрдү ырааттуу өткөрүп берүүнүн [illegible] ыйгарылуучу тараптар тарабынан ырааттуу түрдө кол коюлат жана бирдей юридикалык күчкө ээ үч нускада түзүлөт.

**Тиркеме:** баракта.

С.Мамбетов – комиссиянын төрагасы: ________

А.Сыдыков – төрагасынын орун басары: ________

Б.Калыбаев – комиссиянын катчысы: ________

Г.Самаганова – комиссиянын мүчөсү: ________

К.Бердалиев – комиссиянын мүчөсү: ________

Ш.Омурбеков – комиссиянын мүчөсү: ________

Б.Жолдошбеков – комиссиянын мүчөсү ________

Э.Султанов – комиссиянын мүчөсү: ________

Н.Исмаилова – комиссиянын мүчөсү: ________

| | |
|---|---|
| **Өткөрүп берди:** | **Өткөрүп алды:** |
| "Оро" айыл өкмөтү мекемесинин башчысы | "Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтү" мекемесинин башчысы |
| Дж.Айтиаев | З.Надырбаев |

“Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесинин

**ЖОБОСУ**

Күмүштак айылы – 2024-жыл

## 1. Жалпы жоболор

1.1. **“Күмүштак** айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемеси (мындан ары Күмүштак айыл өкмөтү) райондун аймагында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын кодекстеринин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, ченемдик укуктук актыларынын, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын жана ушул жобого ылайык иш алып барат.

1.2. Айыл өкмөтү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы болуп саналат.

1.3. Бириккен айыл аймактарынын айыл өкмөтү анын курамына кирген айыл өкмөттөрүнүн укук мурастоочулары болуп саналат, юридикалык жактын статусуна ээ жана алар уюшулган күндөн тартып түзүлдү деп эсептелет.

1.4. Айыл өкмөтү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органын укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясын, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, райондун жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын башчысынын чечимдерин, жергиликтүү кеңештин токтомдорун, ошондой эле ушул жобо түзөт.

1.5. Күмүштак айыл өкмөтү юридикалык статуска ээ, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик герби чөгөрүлгөн, өзүнүн аталышы мамлекеттик жана расмий тилинде жазылган тегерек мөөрү, Кыргыз Республикасынын банктарында бет эсеби (расчеттук валюталык) өз алдынча мүлк каражат балансасы болот. Айыл өкмөтү республикалык жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланат.

**Айыл өкмөтүнүн толук фирмалык аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: **“Күмүштак** айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси;
- Расмий тилде: Учреждение “Айыл окмот **Күмүштакского** айылного аймака”.

**Айыл өкмөтүнүн кыскартылган фирмалык аталышы:**

мамлекеттик тилинде: **“Күмүштак** айыл аймагынын айыл өкмөтү” М-е;
расмий тилде: У-е “Айыл окмот **Күмүштакского”** айылного аймака”

1.6. **Юридикалык дареги:** Кыргыз Республикасы **Талас облусу, Бакай-Ата району, Күмүштак айылы, Ч.Сатаев көчосү, №143**

## 2. Айыл өкмөтүнүн компетенциясы

2.1. Реформа жүргүзүлүп жаткан региондордо “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана башка мыйзам актыларында аныкталган маселелерден тышкары айыл өкмөтүнүн негизги милдеттерине төмөнкү маселелер кирет:

1) Тиешелүү аймакта жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында аныкталган милдеттерди өз компетенциясынын чегинде аткарууну камсыз кылуу;

2) Жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилүүчү кошумча

ыйгарым укуктар (мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана тескөө, ички чарбалык ирригациялык системаларды пайдалануу, сууну күтүү жана келишимдик шарттарда сугат жерлерине ээлик кылган жана пайдаланган жактарга бөлүштүрүү) көрсөтүлгөн чөйрөлөр боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталган саясаттын негизинде мыйзамдарда белгиленген тартипте өткөрүлүп берилген учурда алардын аткарылышын камсыз кылуу;

3) калкка кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу, жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу.

2.2. Реформа жүргүзүлүп жаткан региондордо "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана Кыргыз Республикасыньш башка мыйзамдарында аныкталгандардан тышкары айыл өкмөтүнүн негизги функцияларына кошумча төмөнкүлөр кирет:

1) муниципалдык менчикте турган мүлктү башкаруу жана тескөө, айыл аймактарынын муниципалдык менчигинде турган мүлктүн реестрин жүргүзүү;

2) айыл аймактарын социалдык-экономикалык өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү максатында чакан жана орто ишкердиктин субьектилерин колдоо, тышкы жана ички инвестицияларды тартуу;

3) мамлекеттик жайыт жерлеринин инфраструктурасын пайдалануу жана күтүү боюнча иштерди жүргүзүү;

4) ички чарбалык ирригациялык системаларды пайдалануу, күтүү жана келишимдик шарттарда сугат жерлерине ээлик кылган жана пайдаланган жактарга суу бөлүштүрүүнүн Кыргыз Республикасынын Суу кодексинин ченемдерине ылайык жүргүзүү;

5) айыл аймактарындагы калктуу конуштардын башкы планын иштеп чыгуу;

6) жергиликтүү деңгээлде көрсөтүлүүчү кызматтарды жеткиликтүү жана сапаттуу уюштуруу боюнча чараларды көрүү жана алардын аткарылышын контролдоо;

7) өз ишин жүзөгө ашырууда адам ресурстарын башкаруу боюнча маалыматтык (автоматташтырылган) системаны пайдалануу;

8) иш кагаздарын жүргүзүүнүн "Инфодокс" электрондук документтештирүү системасы аркылуу камсыз кылуу;

9) "Санарип аймак" автоматташтырылган маалыматтык системасы аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин негизги багыттарын жүзөгө ашыруу жана "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук байланыш системасы аркылуу мамлекеттик органдарга, башка юридикалык жана жеке жактарга маалымат берүү;

10) жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүн, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан тиешелүү аймакта жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын эмгектик, финансылык, техникалык жана башка ресурстарын жергиликтүү маанидеги маселелерди жана башка маанилүү маселелерди чечүүгө тартуу;

11) жергиликтүү маанидеги маселелерди жана аймактагы башка маанилүү маселелерди чечүүдө, анын ичинде ысырапкорчулукка каршы күрөшүүдө жергиликтүү коомдук өз алдынча башкаруу уюмдары, жергиликтүү коомдоштуктардын коомдук уюмдары жана башка коммерциялык эмес уюмдар менен өнөктөштүктө иш жүргүзүү;

12) бириктирилген айыл аймактарында жергиликтүү коомдоштуктардын коомдук уюмдарынын, комиссияларынын ишин уюштурууга көмөктөшүү;

13) Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин алкагында укук бузуулар жөнүндө, укук бузуулар, аксакалдар соту жөнүндө иштерди караштырган комиссиялардын ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык уюштуруу;

14) жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн зарылдыгына жараша муниципалдык жеке өнөктөштүк долбоорлорун издөө, демилгелөө. муниципалдык жеке өнөктөштүк жөнүндө макулдашууларды түзүү жана аларды ишке ашырууну камсыз кылуу.

2.3. Реформа жүргүзүлүп жаткан региондордо айыл өкмөтүнүн штаттык саны, штаттык расписаниеси жана түзүмү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген айыл өкмөтүнүн штаттык санынын, штаттык расписаниесинин жана түзүмүнүн негизинде айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан бекитилет.

## 3. Айыл өкмөтүнүн башчысы

3.1. Реформа жүргүзүлүп жаткан региондордо айыл өкмөтүнүн башчысы, ушул пункттун экинчи абзацынын ченемин кошпогондо, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52, 53-беренелеринде аныкталган талаптардын жана тартиптин негизинде жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы тарабынан кызматка дайындалат жана бошотулат.

3.2. "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган ыйгарым укуктарынан тышкары айыл өкмөтүнүн башчысы:

1) муниципалдык ишканалардын жетекчилерин, ошондой эле жергиликтүү бюджеттен каржыланган, маданият үйлөрүн, китепканаларды, музейлерди, спорт комплекстерин тейлеген мамлекеттик мекемелердин кызматкерлерин кызмат ордуна дайындайт жана бошотот;

2) бириктирилген айыл аймактарынын административдик борборлорунан алыс жайгашкан айылдарда муниципалдык аймактык башкаруу түзүмүн түзүүгө укуктуу;

3) айыл аймактарын социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо програ ммаларын, инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен келишимдин негизинде тиешелүү адистерди тартууга укуктуу;

4) мамлекеттик органдар жана башка мекемелер, уюмдар менен жергиликтүү коомдоштуктун кызыкчылыгында анын өкүлү катары өз ара аракеттенет.

## 4. Айыл өкмөтүнүн башчысынын ыйгарым укуктары

4.1. Айыл өкмөтүнүн башчысы:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, Президенттин жана Министрлер Кабинетинин актыларын, кеңештин чечимдерин сактоону жана аткарууну уюштурат;

2) айыл өкмөтүнүн ишине жетекчилик кылат жана анын натыйжаларына жооп берет;

3) аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык коргоонун иштеп жаткан программаларынын жолун жолдоочулугун камсыз кылат же кызматка киришкен учурдан тартып 3 айдан кечиктирбестен жергиликтүү

мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларынын долбоорлорун иштеп чыгууну камсыз кылат жана айылдык кеңешке бекитүүгө берет;

4) айылдык кеңешке жергиликтүү бюджеттин долбоорун сунуштайт, айылдык аймактагы иштин жалпы абалы, жергиликтүү бюджетти аткаруу жана муниципалдык менчикти пайдалануу, аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү, консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жана калкты социалдык коргоо программаларын аткаруу жөнүндө жарым жылда бир жолу кеңештин алдында отчет берет;

5) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын талаптагыдай аткарылышын уюштуруу үчүн акимдин алдында жеке жооп берет;

6) мыйзамдарга ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча айылдык кеңешке сунуштарды киргизет;

7) мамлекеттик мекемелердин жана уюмдардын тиешелүү аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери өздөрүнүн милдеттерин талаптагыдай аткарбаган учурда аларды кызмат ордунан бошотуу жөнүндө маселе коюуга укуктуу;

8) мыйзамдарга ылайык айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарын, айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлерин кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот;

9) айылдык кеңештин карамагына кирген маселелерди кошпогондо, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ыйгарым укуктарды, ошондой эле берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашырат;

10) айылдык кеңештин сессиясын чакыруу жөнүндө сунуш киргизет, анын ишине катышат;

11) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

## 5. Айыл өкмөт башчысынын жоопкерчилиги

5.1 Айыл өкмөт башчысы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган, ага жүктөлгөн кызматтык милдеттер аткарылбагандыгы же анын айынан жеткиликсиз аткарылгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик жазага тартылат:

1) муниципалдык органдын иштөө регламентин, ички эмгек тартибинин эрежелерин, өрт коопсуздугу жана эмгекти коргоо эрежелерин сактабагандыгы үчүн;

2) мамлекеттик жана мыйзам менен корголуучу башка сырды түзгөн маалыматтарды, ошондой эле ага кызматтык милдеттерди аткаруу аркылуу белгилүү болгон маалыматтарды ачыкка чыгаргандыгы үчүн;

3) жарандардын, юридикалык жактардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын бузулушуна алып келген иштер жана аракетсиздиги үчүн;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген муниципалдык кызмат менен байланышкан чектөөлөрдү жана тыюу салууларды сактабагандыгы үчүн;

5) жетекчилерге баш ийүүчүлүк тартиби менен жогору турган кызмат адамдардын тапшырмаларын, буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн өз убагында аткарбагандыгы жана сапатсыз аткаргандыгы үчүн;

6) жарандардын жана коомдук бирикмелердин, мекемелердин, уюмдардын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү мамлекеттик органдардын

кайрылууларын өзүнүн кызматтык милдеттеринин чегинде өз убагында карабагандыгы үчүн.

7) Айыл өкмөт башчысы ага жүктөлгөн милдеттерди аткарбагандыгы же тиешелүү эмес түрдө аткаргандыгы үчүн (кызматтык жосун) Кыргыз Республикасынын колдонулуудагы мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик-укуктук актылары менен каралган төмөнкүдөй дисциплинардык жазаларын берүүгө укуктуу: эскертүү, сөгүш, катуу сөгүш, кызматына толук ылайык келбегендиги тууралуу эскертүү, кызматтан бошотуу.

## 6. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары

6.1. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан дайындалат.

6.2. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары ал жок учурда аны алмаштырат жана айыл өкмөтүнүн башчысы жүктөгөн милдеттерди аткарат.

Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарынын кызмат орду жок болгон учурда башчынын милдеттерин убактылуу аткаруу айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына жүктөлөт.

6.3. Айыл өкмөтүнүн башчысына коюлуучу талаптар жөнүндө жоболор бирдей өлчөмдө анын орун басарына да колдонулат.

6.4. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарын кызмат ордунан бошотуу административдик кызмат орундарын ээлеген муниципалдык кызматчылар үчүн каралган негиздер боюнча жана тартипте айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан жүзөгө ашырылат.

6.5. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары өзү аткаруучу функциялар үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын алдында жооп берет.

## 7. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарынын укуктары

7.1. Айыл өкмөт башчысынын орун басары төмөнкүлөргө укуктуу:

1) ээлеген муниципалдык кызмат орду боюнча өзүнүн укуктары жана милдеттери көрсөтүлгөн документтер менен таанышууга;

2) кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон уюштуруучулук-техникалык шарттар менен камсыз болууга;

3) кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн менчигинин түрүнө карабастан ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга белгиленген тартипте барууга;

4) кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон, ошондой эле муниципалдык органдын ишин өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө маалыматтарды жана материалдарды белгиленген тартипте алууга;

5) өздүк ишиндеги бардык материалдар, кесиптик иши жөнүндө мүнөздөмөлөр жана анын өздүк ишине киргизгенге чейинки башка документтер менен таанышууга, ошондой эле анын кат жүзүндө берилген түшүнүктөрүн өздүк ишине кошуп коюуга;

6) жетекчинин ооз эки жүзүндөгү буйругунун мыйзамдуулугуна шектенүү пайда болгон учурда бул буйрукту кат жүзүндө ырастоону талап кылууга;

7) муниципалдык кызмат менен байланышкан талаш-тартыштарды чечүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкарууну башчысына же сотко кайрылууга;

8) коопсуз эмгек шартын камсыз кылууну талап кылууга;

9) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте өз каалоосу боюнча бошонууга.

## 8. Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарынын жоопкерчилиги

8.1. Айыл өкмөт башчысынын орун басары Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган, ага жүктөлгөн кызматтык милдеттер аткарылбагандыгы же анын айынан жеткиликсиз аткарылгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик жазага тартылат:

1) муниципалдык органдын иштөө регламентин, ички эмгек тартибинин эрежелерин, өрт коопсуздугу жана эмгекти коргоо эрежелерин сактабагандыгы үчүн;

2) мамлекеттик жана мыйзам менен корголуучу башка сырды түзгөн маалыматтарды, ошондой эле ага кызматтык милдеттерди аткаруу аркылуу белгилүү болгон маалыматтарды ачыкка чыгаргандыгы үчүн;

3) жарандардын, юридикалык жактардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын бузулушуна алып келген иштер жана аракетсиздиги үчүн;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген муниципалдык кызмат менен байланышкан чектөөлөрдү жана тыюу салууларды сактабагандыгы үчүн;

5) жетекчилерге баш ийүүчүлүк тартиби менен жогору турган кызмат адамдардын тапшырмаларын, буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн өз убагында аткарбагандыгы жана сапатсыз аткаргандыгы үчүн;

6) жарандардын жана коомдук бирикмелердин, мекемелердин, уюмдардын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү мамлекеттик органдардын кайрылууларын өзүнүн кызматтык милдеттеринин чегинде өз убагында карабагандыгы үчүн.

7) Айыл өкмөт башчысынын орун басары ага жүктөлгөн милдеттерди аткарбагандыгы же тиешелүү эмес түрдө аткаргандыгы үчүн (кызматтык жосун) Кыргыз Республикасынын колдонулуудагы мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик-укуктук актылары менен каралган төмөнкүдөй дисциплинардык жазаларын берүүгө укуктуу: эскертүү, сөгүш, катуу сөгүш, кызматына толук ылайык келбегендиги тууралуу эскертүү, кызматтан бошотуу.

## 9. Айыл башчы (айылдын старостасы)

9.1. Айыл өкмөтүнүн башчысынын чечими боюнча айыл аймагында өзүнчө жайгашкан айылдардын жергиликтүү маанидеги маселелерин ыкчам чечүүнү уюштуруу максатында айыл башчысынын (айылдын старостасынын) кызмат орду киргизилиши мүмкүн.

9.2. Айыл башчынын укуктары менен жоопкерчиликтери Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында каралган тартипте жүргүзүлөт.

## 10. Айыл башчынын укуктары

10.1 Айыл башчысы төмөнкүлөргө укуктуу:

1) ээлеген муниципалдык кызмат орду боюнча өзүнүн укуктары жана милдеттери көрсөтүлгөн документтер менен таанышууга;

2) кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн менчигинин түрүнө карабастан ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга белгиленген тартипте барууга;

3) кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон, ошондой эле

...ниципалдык органдын ишин өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө маалыматтарды жана материалдарды белгиленген тартипте алууга;

4) өздүк ишиндеги бардык материалдар, кесиптик иши жөнүндө мүнөздөмөлөр жана анын өздүк ишине киргизгенге чейинки башка документтер менен таанышууга, ошондой эле анын кат жүзүндө берилген түшүнүктөрүн өздүк ишине кошуп коюуга;

5) жетекчинин ооз эки жүзүндөгү буйругунун мыйзамдуулугуна шектенүү пайда болгон учурда бул буйрукту кат жүзүндө ырастоону талап кылууга;

6) муниципалдык кызмат менен байланышкан талаш-тартыштарды чечүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкарууну башчысына же сотко кайрылууга;

7) коопсуз эмгек шартын камсыз кылууну талап кылууга;

8) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте өз каалоосу боюнча бошонууга.

10.2. Айыл башчынын жана башка укуктары Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында каралган тартипте жүргүзүлөт.

## 11. Айыл башчынын жоопкерчилиги

11.1 Айыл башчы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган, ага жүктөлгөн кызматтык милдеттер аткарылбагандыгы же анын айынан жеткиликсиз аткарылгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик жазага тартылат:

1) Муниципалдык органдын иштөө регламентин, ички эмгек тартибинин эрежелерин, өрт коопсуздугу жана эмгекти коргоо эрежелерин сактабагандыгы үчүн:

2) мамлекеттик жана мыйзам менен корголуучу башка сырды түзгөн маалыматтарды, ошондой эле ага кызматтык милдеттерди аткаруу аркылуу белгилүү болгон маалыматтарды ачыкка чыгаргандыгы үчүн;

3) жарандардын, юридикалык жактардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын бузулушуна алып келген иштер жана аракетсиздиги үчүн;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген муниципалдык кызмат менен байланышкан чектөөлөрдү жана тыюу салууларды сактабагандыгы үчүн;

5) жетекчилерге баш ийүүчүлүк тартиби менен жогору турган кызмат адамдардын тапшырмаларын, буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн өз убагында аткарбагандыгы жана сапатсыз аткаргандыгы үчүн;

6) жарандардын жана коомдук бирикмелердин, мекемелердин, уюмдардын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү мамлекеттик органдардын кайрылууларын өзүнүн кызматтык милдеттеринин чегинде өз убагында карабагандыгы үчүн.

11.2. Айыл башчынын жана башка жоопкерчиликтери Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында каралган тартипте жүргүзүлөт.

## 12. Айыл өкмөтүнүн финансылык-экономикалык негиздери

12.1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык негизин мыйзамдарда жергиликтүү бюджеттерге бекитилген кирешелердин салыктык жана салыктык эмес булактары, муниципалдык менчикти пайдалануудан түшкөн кирешелер, ссудалар жана башка финансылык ресурстар түзөт.

12.2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин кыймылсыз жана кыймылдуу муниципалдык мүлк, баалуу кагаздар, мыйзамдарда белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруунун карамагына өткөрүп берилген жана жергиликтүү коомдоштуктун кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын канааттандыруу үчүн алардын аймагынын чектеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан колдонулуп жаткан жерлер, жарандык укуктун башка объекттери, ошондой эле тиешелүү аймакта ишин жүзөгө ашырып жаткан ишканалар, уюмдар жана мекемелер түзөт.

12.3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка органдары, юридикалык жана жеке жактар менен финансылык жана экономикалык мамилелери, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджетти жана бюджеттен тышкаркы фонддорду түзүү жана аткаруу тартиби жана принциптери мыйзамдар менен жөнгө салынат.

**13. Жобого өзгөрүүлөрдү киргизүү тартиби**

Ушул жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, ошондой эле аны жаңы редакцияда бекитүү Кыргызыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

**14. Корутунду жоболор**

13.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бириктирилген айыл аймагынын курамына кирген айыл өкмөтүнүн балансында турган мүлк жана каражатгар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жаңы түзүлгөн айыл өкмөтүнүн карамагына өткөрүлүп берилет.

13.2. Бириктирүүнүн натыйжасында муниципалдык кызматчыларды бошотуу жол-жобосу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

13.3. Айыл өкмөтүн кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

13.4. Жоюлган айыл өкмөттөрүнүн мүлкү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекетке өткөрүлүп берилет, ал эми документтери "Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат.

**"Күмүштак айыл аймагынын**
**айыл өкмөтү" мекемесинин башчысы** ______________ **З.М.Надырбаев**
подпись

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**2024-жылдын 6-марты** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын II сессиясынын**

**№_3_ ТОКТОМУ**

**"Күмүштак айыл аймагынын айылдык Кеңеши" мекемесинин айылдык Кеңешин түзүү жөнүндө**

"Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгын жана "Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү Кеңештердин иши жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы №24 Жарлыгы менен бекитилген убактылуу Жобону жетекчиликке алып, ошондой эле Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген Жобону жана ошондой эле "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 токтомун ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 92-беренесин жана "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамын жетекчиликке алып Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын II сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Талас облусунун, Бакай-Ата районунун, "Боо-Терек айылдык аймактык кеңеши" жана Талас облусунун, Бакай-Ата районунун, "Оро айылдык аймактык кеңеши" бириктирүү жолу менен Кыргыз Республикасынын, Талас облусунун, Бакай-Ата районунун, **"Күмүштак айыл аймагынын айылдык Кеңеши" мекемеси** болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук расмий (фирмалык) аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: **"Күмүштак айыл аймагынын айылдык Кеңеши"** мекемеси.
- Расмий тилде: Учреждение **"Айылный Кенеш Кумуштакского айылного аймака"**.

**Кыскартылган расмий (фирмалык) аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: **"Күмүштак айыл аймагынын айылдык Кеңеши"** м-е.
- Расмий тилде: У-е **"Айылный Кенеш Кумуштакского айылного аймака".**

2. Талас облусунун, Бакай-Ата районунун, "Боо-Терек айылдык аймактык кеңеши" жана Талас облусунун, Бакай-Ата районунун "Оро айылдык аймактык кеңеши" мекемесин

бириктирүү жолу менен жаңыдан кайра түзүлгөн **«Күмүштак айыл аймагынын айылдык Кеңеши»** мекемесине өткөрүп берүү актысы бекитилсин (тиркеме тиркелет).

3. «Күмүштак айыл аймагынын айылдык Кеңеши» мекемесинин Жобосу бекитилсин (Жобосу тиркелет).

4. «Күмүштак айыл аймагынын айылдык Кеңеши» мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Талас облусу, Бакай-Ата району, Боо-Терек айылы, Ч.Сатаев көчөсү №143 үйү болуп аныкталсын.

5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөлөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарынын мамлекеттик каттоосунан өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын анык тыгы ырасталат.

**Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы** **А.Т. Мамыралиев**

**БЕКИТИЛДИ**
**"Күмүштак айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин**
**2024-жылдын 06-марттагы №3**
**токтому менен**

**Өткөрүп берүү актысы**

**Боо-Терек айылы** **"06" март 2024-ж.**

Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 21-февралындагы № Б-13/66 буйругу менен түзүлүп бекитилген төмөндөгү комиссия курамы:

С.Мамбетов – Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын биринчи орун басары, комиссиянын төрагасы;

А.Сыдыков – Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси, комиссиянын төрагасынын орун басары;

Б.Калыбаев – Бакай-Ата райондук мамлекеттик админстрациясынын жетектөөчү адиси, комиссиянын катчысы;

Г.Саманчиева – Бакай-Ата финансы башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;

К.Бердалиев – Бакай-Ата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;

Ш.Өзүбеков – Бакай-Ата райондук мамлекеттик архив бөлүмүнүн башчысы комиссиянын мүчөсү;

Б.Жолдошбеков – МСК Бакай-Ата району боюнча башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;

Н.Султанов – Бакай-Ата райондук статистика бөлүмүнүн башчысы, комиссиянын мүчөсү;

Н.Исмаилова – Бакай-Ата райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;

А.Мамыралиев – Боо-Терек айылдык кеңешинин төрагасы;

А.Мамыралиев – Күмүштак айылдык кеңешинин төрагасы болуп төмөндөгүдөй Өткөрүп берүү актысын түздүк.

Талас облусунун Бакай-Ата районунун "Боо-Терек айылдык аймактык кеңеши" менен Талас облусунун Бакай-Ата районунун "Оро айылдык аймактык кеңеши" бириктирүү жолу менен кайра түзүлгөн "Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемесине мекемелердин бардык кредиторлору менен карызкорлоруна карата бардык милдеттенмелери боюнча укуктардын, анын ичинде тараптар талашып жаткан милдеттенмелер боюнча укуктардын баары өтөт жана укук улантуучусу болуп эсептелинсин, атап айтканда:

Мекеме төмөнкү документтерди тиркемеге ылайык укугу өтүүчүгө өткөрүп берет:

1.1. Мекеменин уюштуруу документтерин.
1.2. Мекеменин балансындагы мүлккө болгон укуктарын ырастоочу документтер.
1.3. Мекеменин ички документтери жана отчетторун.
1.4. Архивге туруктуу сактоого өткөрүлүп берилген мекеменин иш кагаздарынын инвентаризациясы.
1.5. Сактоо мөөнөтү өтүп кеткен мекемелик документтерди жок кылууга берүү жөнүндө актылар.

Ушул өткөрүп берүү актысына ылайык, Мекеменин бардык укуктары жана милдеттери Укугу өтүүчүгө өтөт.

Мекемелер өткөрүп берет, ал эми Укугу өтүүчү бардык карызкорлорго, кредиторлорго, ошондой эле Мекемелерге өз милдеттенмелерин мөөнөтүнөн мурда аткаргандыгы же тиешелүү милдеттенмелери токтотулгандыгы жөнүндө билдирбеген бардык кредиторлорго карата бардык укуктарды жана милдеттерди өзүнө алат.

Бул өткөрүп берүү актысына Мекемеден көчүрмөлөрдү ырааттуу өткөрүп берүүнүн натыйжасында ыйгарылуучу тарап тарабынан ырааттуу түрдө кол коюлат жана бирдей юридикалык күчкө ээ үч нускада түзүлөт.

С.Мамбетов – комиссиянын төрагасы: ____________

А.Сыдыков – төрагасынын орун басары: ____________

Б.Калыбаев – комиссиянын катчысы: ____________

Г.Саманчиева – комиссиянын мүчөсү: ____________

К.Бердалиев – комиссиянын мүчөсү: ____________

Ш.Өзүбеков – комиссиянын мүчөсү: ____________

Б.Жолдошбеков – комиссиянын мүчөсү: ____________

Н.Султанов – комиссиянын мүчөсү: ____________

Н.Исмаилова – комиссиянын мүчөсү; ____________

**Өткөрүп берди:**
Боо-Терек айылдык кеңешинин
төрагасы
____________ А.Мамыралиев

**Өткөрүп алды:**
Күмүштак айылдык кеңешинин
төрагасы
____________ А.Мамыралиев

**БЕКИТИЛДИ**
**"Кумүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2024-жылдын 06-марттагы №3 токтому менен**

## Өткөрүп берүү актысы

**Кыргызстан айылы** **"06" март 2024-ж.**

Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 21-февралындагы № Б-13/66 буйругу менен түзүлүп бекитилген төмөндөгү комиссия курамы:

С.Мамбетов – Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын биринчи орун басары, комиссиянын төрагасы:

А.Сыдыков – Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси, комиссиянын төрагасынын орун басары;

Б.Калыбаев – Бакай-Ата райондук мамлекеттик админстрациясынын жетектөөчү адиси, комиссиянын катчысы;

Г.Саманчиева – Бакай-Ата финансы башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;

К.Бердалиев – Бакай-Ата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;

Ш.Өзүбеков – Бакай-Ата райондук мамлекеттик архив бөлүмүнүн башчысы комиссиянын мүчөсү;

Б.Жолдошбеков – МСК Бакай-Ата району боюнча башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;

Н.Султанов – Бакай-Ата райондук статистика бөлүмүнүн башчысы, комиссиянын мүчөсү;

Н.Исмаилова – Бакай-Ата райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын башчысы, комиссиянын мүчөсү;

Б.Мотуев – Оро айылдык кеңешинин төрагасы;

А.Мамыралиев – Кумүштак айылдык кеңешинин төрагасы болуп төмөндөгүдөй Өткөрүп берүү актысын түздүк.

Талас облусунун Бакай-Ата районунун "Оро айылдык аймактык кенеши" менен Талас облусунун Бакай-Ата районунун "Боо-Терек айылдык аймактык кенеши" бириктирүү жолу менен кайра түзүлгөн "Кумүштак айыл аймагынын айылдык кенеши" мекемесине мекемелердин бардык кредиторлору менен карызкорлоруна карата бардык милдеттенмелери боюнча укуктардын, анын ичинде тараптар талашып жаткан милдеттенмелер боюнча укуктардын баары өтөт жана укук улантуучусу болуп эсептелинсин, атап айтканда:

Мекеме төмөнкү документтерди тиркемеге ылайык укугу өтүүчүгө өткөрүп берет:

1.1. Мекеменин уюштуруу документтерин.
1.2. Мекеменин балансындагы мүлккө болгон укуктарын ырастоочу документтер.
1.3. Мекеменин ички документтери жана отчетторун.
1.4. Архивге туруктуу сактоого өткөрүлүп берилген мекеменин иш кагаздарынын инвентаризациясы.
1.5. Сактоо мөөнөтү өтүп кеткен мекемелик документтерди жок кылууга берүү жөнүндө актылар.

Ушул өткөрүп берүү актысына ылайык, Мекеменин бардык укуктары жана милдеттери Укугу өтүүчүгө өтөт.

Мекемелер өткөрүп берет, ал эми Укугу өтүүчү бардык карызкорлорго, кредиторлорго, ошондой эле Мекемелерге өз милдеттенмелерин мөөнөтүнөн мурда аткаргандыгы же тиешелүү милдеттенмелери токтотулгандыгы жөнүндө билдирбеген бардык кредиторлорго карата бардык укуктарды жана милдеттерди өзүнө алат.

Бул өткөрүп берүү актысына Мекемеден көчүрмөлөрдү ырааттуу өткөрүп берүүнүн натыйжасында ыйгарылуучу тарап тарабынан ырааттуу түрдө кол коюлат жана бирдей юридикалык күчкө ээ үч нускада түзүлөт.

С.Мамбетов – комиссиянын төрагасы: ____________

А.Сыдыков – төрагасынын орун басары: ____________

Б.Калыбаев – комиссиянын катчысы: ____________

Г.Саматчиева – комиссиянын мүчөсү: ____________

К.Берданиев – комиссиянын мүчөсү: ____________

Ш.Озубеков – комиссиянын мүчөсү: ____________

Б.Жолдошбеков – комиссиянын мүчөсү: ____________

П.Султанов – комиссиянын мүчөсү: ____________

Н.Исмаилова – комиссиянын мүчөсү: ____________

**Откоруп берди:**
"Оро" айылдык кеңешинин
төрагасы
____________ Б.Мотуев

**Откоруп алды:**
Кумуштак айылдык кеңешинин
кеңешинин төрагасы
____________ А.Мамыралиев

**“Күмүштак” айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесинин 2024-жылдын 6-марттагы №3 токтому менен бекитилген**

**“Күмуштак айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесинин Жобосу**

## 1. Жалпы жоболор

1.1.“Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемеси (мындан ары – айылдык кеңеш) – тиешелүү мыйзамдарда белгиленген тартипте шайлануучу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун окүлчүлүктүү органы.

1.2. Айылдык кенеш өз ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө", «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, башка ченемдик актыларга жана ушул Жобого ылайык жүзөгө ашырат.

1.3. Айылдык кеңештин уюштуру-укуктук формасы – мекеме.

1.4. Айылдык кеңештин толук фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде: “ Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемеси;
- Расмий тилде: Учреждение “Айылный Кенеш Кумүштакского айылного аймака”;
- Айылдык кеңештин кыскартылган фирмалык аталышы:
- Мамлекеттик тилде: “ Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңеши” м-е;
- Расмий тилде: У-е “Айылный Кенеш Кумүштакского айылного аймака”;

1.5. Мекеменин жайгашкан жери (юридикалык дареги): Кыргыз Республикасы, Талас облусу, Бакай-Ата району. «Күмүштак айыл аймагынын айылдык Кеңеши» мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Талас облусу, Бакай-Ата району, Боо-Терек айылы, Ч.Сатаев көчөсү №143.

1.6. Мекеменин иштөө мөөнөтү чектелбейт.

1.7. Айылдык кеңеш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юридикалык жак болуп саналат. Айылдык кеңеш өзүнүн атынан мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарды алууга жана милдеттерди тартууга, келишим түзүүгө, сотто доогер жана жоопкер болууга, оперативдүү башкаруу укугунда негизги жана жүгүртүү каражаттарына, өз алдынча балансқа, банктардагы алыш-бериш жана башка эсептерге, өзүнүн символикасы бар мөөргө, штампка жана бланктарга ээ болууга укуктуу.

## 2. Айылдык кеңештин сессиясы

2.1. Жергиликтүү кеңештердин ишинин негизги уюштуруучулук-укуктук формасы болуп алардын сессиялары эсептелет. Сессияларды өткөрүүнүн тартиби жана мезгилдүүлүгү жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталат.

2.2. Жергиликтүү кеңештин сессиясы депутаттардын жалпы санынын жарымынан көбү катышса укуктуу. Айылдык кеңеш чечимди жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алат.

2.3. Жергиликтүү кеңештердин сессиялары ачык, кварталына кеминде бир жолу же жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн биринин талабы боюнча өткөрүлөт. Жергиликтүү кеңештин сессиясын чакыруу жана жыйналышты өткөрүү тартиби жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталат.

## 3. Айылдык кеңештин ыйгарым укуктары

3.1. Айылдык аймактардын, шаарлардын жергиликтүү кеңештери мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде маселелерди кароого жана алар боюнча чечимдерди кабыл алууга укуктуу.

3.2. Айылдык кеңештин сессиясында төмөнкүдөй маселелер чечилет:

1) жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруунун тартибин белгилөө;

2) жергиликтүү бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү, ошондой эле бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана бюджеттен тышкаркы фонддорду пайдалануу жөнүндө маалыматты угуу;

3) аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программаларын бекитүү, программалардын аткарылышы жөнүндө отчетту угуу;

4) жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана алар боюнча жеңилдиктерди киргизүү, ошондой эле мыйзамдарда каралган учурларда алар боюнча ставкаларды аныктоо;

5) муниципалдык менчикти пайдалануу жана тескөө тартибин, анын ичинде муниципалдык менчиктин объекттерин менчиктештирүү программаларын бекитүү жолу менен белгилөө, муниципалдык менчикти пайдаланууга контролду ишке ашыруу;

6) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын иш жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын отчетун угуу;

7) кеңештин төрагасын, анын орун басарын шайлоо, аларды кызмат орундарынан бошотуу, кеңештин төрагасынын мыйзамдарга карама-каршы келген чечимдерин жокко чыгаруу;

8) кеңештин регламентин кабыл алуу;

9) өз чечимдеринин аткарылышына көзөмөлдүк кылуу;

10) муздак сууну, канализацияны, жылуулук менен жабдууну пайдалануу үчүн, ошондой эле мыйзамдарга ылайык турмуш-тиричиликтин катуу калдыктарын чогултуу, ташып чыгаруу жана жок кылуу үчүн тарифтерди бекитүү;

11) алкоголдук ичимдиктерди жана тамеки буюмдарын сатуу убактысы жана жери боюнча чектөөлөрдү тыюу салууга чейин белгилөө;

12) ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участкаларды күтүү тартибин белгилөө;

13) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысына ишенбестик билдирүү;

14) бюджетти, аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларын жана анын компетенциясына кирген башка маселелерди аткарбагандыгынан улам жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын ээлеген кызматына шайкештиги жөнүндө маселени кароо тууралуу сунуш киргизүү;

15) мыйзамдарга ылайык башка маселелерди чечүү.

## 4. Айылдык кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссиялары

4.1. Айылдык кеңештин туруктуу комиссиялары кеңештин карамагына кирген маселелерди алдын ала кароо жана даярдоо үчүн, ошондой эле кенештин чечимдерин ишке ашырууга катышуу, ушул чечимдердин ведомстволук аймакта жайгашкан мекемелер жана уюмдар тарабынан аткарылышына контролдук кылуу үчүн түзүлөт. Кеңеш тарабынан ошондой эле убактылуу комиссиялар түзүлүшү мүмкүн.

Айылдык кеңештин карамагына кирген маселелер тиешелүү туруктуу комиссиялар тарабынан алдын ала каралбай туруп, жергиликтүү кеңештин сессиясында каралышы мүмкүн эмес.

4.2. Комиссиялардын тизмегин, алардын сандык курамын жана шайлоо тартибин тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттык фракцияларынын, топторунун жана депутаттарынын сунушу боюнча жергиликтүү кенеш аныктайт.

4.3. Туруктуу комиссиялар тиешелүү айылдык кеңештин депутаттарынын ичинен түзүлөт. Айылдык кеңештин туруктуу комиссияларынын курамына кеңештин торагасы жана анын орун басары шайланышы мүмкүн эмес.

4.4. Айылдык кеңештин туруктуу комиссиялары өз ишинин негизги багыттары боюнча чакан комиссияларды түзө алат.

4.5. Туруктуу комиссиянын жана кеңештин торагасынын сунушу боюнча тиешелүү кеңеш туруктуу комиссиянын курамына өзгөртүүлөрдү киргизет.

4.6. Комиссия мүчөсүнүн ыйгарым укуктары кеңеш тарабынан анын өтүнүчү боюнча, ошондой эле ага өз милдеттерин аткарууга мүмкүндүк бербеген жагдайларга байланыштуу мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

4.7. Айылдык кеңештердин туруктуу комиссияларынын укуктары, милдеттери, уюштуруу жана иш тартиби жергиликтүү кеңештин регламенти менен белгиленет.

## 5. Айылдык кеңештин туруктуу комиссияларынын ыйгарым укуктары

5.1. Айылдык кеңештин туруктуу комиссиялары:

1) кеңештин кароосуна киргизилүүчү маселелерди даярдоого катышат;

2) тиешелүү аймакта социалдык-маданий жана өндүрүштүк инфраструктураны өнүктүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин чыңдоо маселелери боюнча сунуштарды кеңешке киргизет;

3) жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган чечимдердин аткарылышына контролду ишке ашырат;

4) өзүнүн ишине илимпоздорду, адистерди, көз карандысыз эксперттерди, жарандык коомдун окулдорун жана жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүн жана башка адамдарды тартууга укуктуу;

5) иш-аракеттеринин майнаптуулугун жана натыйжалуулугун аныктоо максатында жергиликтүү кеңеш кабыл алган ченемдик укуктук актылардын мониторингин жана аларга баа берүүнү жергиликтүү кеңеш белгилеген тартипте туруктуу негизде жүргүзөт.

5.2. Айылдык кеңештин туруктуу комиссиялары өзүнүн карамагына кирген маселелер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын, муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин жетекчилерин жана кызматкерлерин угууга укуктуу. Айылдык кеңештин туруктуу комиссиялары өзүнө караштуу аймакта жайгашкан уюмдардын жана мекемелердин ыкчам-чарбалык ишине кийлигишүүгө укуксуз.

## 6. Айылдык кеңештин торагасы

6.1. Айылдык кеңештин төрагасы тиешелүү жергиликтүү кеңештин сессиясында кеңештин депутаттарынын ичинен жашыруун добуш менен жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө шайланат.

6.2. Кеңештин торагасынын кызмат ордуна талапкерди көрсөтүү укугуна депутаттык фракция же 5 депутаттан кем эмес сандагы топ ээ.

6.3. Айылдык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүүнүн жана шайлоонун тартиби жана шайлоонун башка жол-жоболук маселелери айылдык кеңештин регламенти менен аныкталат.

6.4. Айылдык кеңештин төрагасы өзүнүн милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда, айылдык кеңештин депутаттарынын үчтөн биринин демилгеси боюнча депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмесинин добуштары менен ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн.

## 7. Айылдык кеңештин төрагасынын орун басары

7.1. Айылдык кеңештин төрагасынын орун басары сессияда жергиликтүү кеңештин төрагасынын сунушу боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ичинен шайланат.

7.2. Айылдык кеңештин төрагасынын орун басары кеңештин төрагасынын тапшырмаларын аткарат, ал жок болгон же өз милдеттерин аткарууга мүмкүнчүлүгү болбогон учурда аны алмаштырат.

Айылдык кеңештин төрагасынын орун басары жергиликтүү кеңештин төрагасынын алмаштырган учурда ушул Мыйзамда каралган учурларда жергиликтүү кеңештин төрагасына төлөнүүчү компенсациянын суммасынан 50 пайыз өлчөмүндө компенсация алат.

7.3. Айылдык кеңештин төрагасынын орун басары өзүнүн ээлеген кызмат ордунан шайланган депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен жергиликтүү кеңештин депутаттарынын үчтөн биринин демилгеси боюнча бошотулушу мүмкүн.

7.4. Айылдык кеңештин төрагасынын орун басары өзүнүн ишин коомдук башталышта жүзөгө ашырат.

7.5. Айылдык кеңештин кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте тиешелүү мыйзам бузуулар үчүн жоопкерчиликке тартылышат.

7.6. Депутаттын ыйгарым укуктары тийиштүү кеңештин биринчи сессиясы ачылган күндөн тартып башталат жана кийинки шайланган кеңештин биринчи сессиясы ачылган күнү бүтөт.

## 8. Жобого өзгөртүү, толуктоолорду киргизүү тартиби

8.1. Айылдык кеңештин жобосуна өзгөртүү, толуктоолорду киргизүү, аны жаңы редакцияда бекитүү Кыргыз Республикасынын мыйзам актылары менен белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

8.2. Айылдык кеңештин ушул Жободо көрсөтүлбөгөн ишинин маселелери Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен жөнгө салынат.

## 9. Айылдык кеңештердин ыйгарым укуктарынын токтотулушу

9.1. Айылдык кеңештин ыйгарым укуктары ушул чакырылыштагы айылдык кеңештин депутаттары шайланган мөөнөт аякташына байланыштуу, ошондой эле кеңештин жаңы курамы түзүлүшүнө, кеңеш мөөнөтүнөн мурда таратылышына байланыштуу токтотулат.

9.2. Айылдык кеңеш төмөнкүдөй учурларда Президент тарабынан мөөнөтүнөн мурда таратылышы мүмкүн:

1) тиешелүү айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмес добушу менен кабыл алынган чечим боюнча;

2) Министрлер Кабинетинин Төрагасынын же акимдин сунушу боюнча;

3) кайра уюштурууга алып келген тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин чек аралары өзгөргөн учурда;

9.3. Өзүн-өзү таркатуу жөнүндө айылдык кеңештин чечими жарлыкты чыгаруу үчүн Президентке кеңештин төрагасы тарабынан жиберилет.

9.4. Административдик-аймактык бирдиктин чектерин өзгөртпөстөн анын аталышын өзгөртүү кайра уюштуруу болуп саналбайт жана жергиликтүү кеңешти таратууга алып келбейт. Президенттин кайра уюштурууга байланыштуу айылдык кеңешти таратуу жөнүндө жарлыгы, эгерде мыйзамдын өзүндө башкача мөөнөт каралбаса, тиешелүү административдик-аймактык бирдик жөнүндө мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып 30 күндөн кечиктирилбестен чыгарылууга тийиш.

9.5. Мөөнөтүнөн мурда таратуунун жогоруда көрсөтүлгөн учурларынын кайсынысында болсо да таратуу жөнүндө Президенттин жарлыгы расмий жарыяланган күндөн тартып айылдык кеңеш мөөнөтүнөн мурда таратылды деп эсептелет.

9.6. Айылдык кеңеш мөөнөтүнөн мурда таратылган учурларда мүлкүнүн жана документтеринин сакталышы үчүн жоопкерчиликти жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын тиешелүү башчысы тартат.

## 10. Айылдык кеңешти кайра уюштуруу жана жоюу

10.1. Айылдык кеңешти кайра уюштуруу (бириктирүү, кошуу, бөлүү, бөлүп чыгаруу, өзгөртүп түзүү) жана жоюу Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдары менен белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

10.2. Айылдык кеңештин иши токтотулган учурда анын документтери "Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жыл 6-март №4** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын жаңы редакциядагы типтүү регламентин бекитүү жөнүндө.**

Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын II сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Күмүштак айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын жаңы редакциядагы типтүү регламенти тиркемеге ылайык бекитилсин. (Регламент тиркелет).

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттарына калтырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Мамыралиев А.**